# Кыргызстандагы медициналык колледждердин ассоциациясы

## 2024-жылында Кыргызстандагы медициналык колледждердин ассоциациясында аткарылган иштер

www.kmka.kg

Станбаев Озгонбай Тиллабаевич

# Кыргызстандагы медициналык колледждердин ассоциациясы


2024-жылга карата Кыргызстандагы медициналык колледждердин ассоциациясынын жылдык иш планы талкууланып, бекитилген жана жыл ичине пландалган иштер аткарылды.




# КМКАнын жыйындары

Кыргызстандагы медициналык колледждердин ассоциациясынын 2024-жылдагы жалпы жыйындары март, сентябрь, декабрь айларында гибридтик форматта болуп өткөн.





# КМКАнын конференциялары

2024-жыл 10-май күнү Кыргызстандагы медициналык колледждердин ассоциациясынын мүчөлөрү болгон медициналык колледждер Ош мамлекеттик университетинин 85 жылдык маарекесине карата уюштурулган "Окуу процессинде жаны технологияларды колдонуу" аталышындагы илимий-практикалык конференцияга катышышты. Академиялык мобилдулук алкагында өз ара тажрыба алмашуу максатында уюштурулган конференцияда медициналык колледждер ОшМУнун материалдык-техникалык базасы жана медициналык факультеттеги жана колледждеги сабак учурунда колдонулуучу жаңы технологиялар менен таанышышты.







# КМКА катышкан конференциялары



2024-жыл 4-март Казакстан Республикасындагы Талдыкоргон жогорку медициналык колледжи жана Нарын медициналык колледжинин катышуусунда "Мээнин кан айлануусунун курч бузулушу" темасында Эл аралык илимий конференция.



2024-жыл 9-октябрь Казахстандын Кызылордо жогорку медициналык колледжи ***"Саламаттыкты сактоо жаатында орто билимден кийинки техникалык жана кесиптик билим берүү адистерин даярдоонун жана кесиптик ишке ашыруунун заманбап чакырыктары"*** аталышындагы илимий-практикалык конференция.






2024-жыл 20-декабрь Казахстандын Алматы шаарындагы "Эмили" жогорку медициналык колледжининдеги *"Казакстандагы медайымдар реформасына 10 жыл. Жетишкендиктер жана мүмкүнчүлүктөр."* аталышындагы илимий-практикалык конференция.

# Семинар-тренингдер

2024-жыл 17-январь күнү Бишкекте **«Медициналык айым иши» адистиги боюнча прикладдык бакалавриат программасын ишке ашыруу боюнча Казакстандын тажрыйбасы боюнча жумушчу жыйын** болуп өттү. Жыйынга КРнын Саламаттык сактоо жана Билим берүү жана илим министрликтеринин өкүлдөрү, КМКАнын төрагасы *Ө.Т.Станбаев,* Медайым адистеринин ассоциациясынын төрайымы *А.К.Асанова,* Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын өкүлдөрү жана пилоттук колледждердин директорлору катышышты.



Келечекте прикладдык бакалавриаттын укутук-ченемдик актыларын түзүү боюнча жумушчу топ түзүлүп, алдыга иш чаралар белгиленди. Жумушчу жыйын "Кыргызстандагы медициналык билим берүүнү реформалоо" MER долбоорунун колдоосу менен өткөрүлдү.

# «Медициналык айым иши» адистиги боюнча бакалавр программасын ишке ашыруу боюнча жыйын

2024-жылдын 30-январь күнү «Медициналык айым иши» адистиги боюнча бакалавр программасын киргизүү боюнча жыйын Бишкек шаарында өткөрүлдү. Жыйынга Саламаттык сактоо министрлигинин кадрлар жана билим берүү бөлүмүнүн башчысы Асанкулова Махаббат Тунгучбековна, Билим берүү жана илим министрлигинин Жогорку, орто кесиптик жана жогорку окуу жайдан кийинки билим берүү башкармалыгынын башчысы Найманбаев Азамат Багдатович, ОшМУнун, КЭАУнин жана КММАнын проректорлору жана кафедра башчылары, "Жаркын Кыргызстан" Корея долбоору, Медайымдардын кесиптик ассоциациясы, КМКАнын төрагасы О.Т Станбаев катышышты.



Бакалавриат программасы Жогорку медициналык окуу жайларга киргизилүүсү замандын талабы. «Медициналык айым иши» адистиги программасы жогорку деңгээлдеги сапаттуу кадрларды даярдоого өбөлгө түзөөрүн белгилөө менен, жалпы саламаттык сактоо мекеме уюмдарына керектүү адистерди бакалавриат, магистратура, аспирантура жана PhD докторантуранын негизинде даярдоо керектиги жана жумушчу топ түзүлүп бардык кызыктар тараптар менен талкулоо белгиленди.

# "Медайымдык иш боюнча "Бакалавр« квалификациясынын деңгээли: жетишкендиктер жана пландар"

Саламаттык сактоо министрлигинин 01.02.2024-ж. №102 "Медайымдык иш боюнча "Бакалавр" квалификациясынын деңгээли: жетишкендиктер жана пландар" жөнүндө буйругунун негизинде 2024-жылы 6-февралда И.К.Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясында ССМнин, КММАнын жана "Жаркын Кыргызстан" долбоорунун колдоосу менен тегерек стол болуп өттү. Кыргызстандагы медициналык колледждердин ассоциациясынын төрагасы Ө.Т.Станбаев пилоттук колледждердин директорлору менен биргеликте тегерек столго талкууга катышышты. Актуалдуу маселелердин бири академиялык бакалавриатын ЖОЖго киргизүү боюнча талкуулоо болду жана прикладдык бакалавриатты жогорку медициналык колледж түзүү менен колледждерге киргизүү талкууланды.



# Балдарга жана ымыркайларга квалификациялуу стационардык медициналык жардам көрсөтүүнүн сапатын жогорулатуу боюнча тренинг



Саламаттык сактоо министрлигинин 2024-жыл 6-февралдагы №118 буйругунун негизинде 1-март күнү "Балага дем алууга жардам берели" жана "Ар бир жаңы төрөлгөн балага негизги кам көрүү" программаларынын алкагында Кыргызстандын бардык облустарында теориялык-практикалык тренингдер өтүүдө. Аталган тренингке Кыргызстандагы медициналык колледждердин окутуучулары да катышууда. **Тренингдин максаты:** ***Балдарга жана ымыркайларга квалификациялуу стационардык медициналык жардам көрсөтүүнүн сапатын жогорулатуу.*** Тренинг Саламаттык сактоо министрлигинин, Неонатологдор ассоциациясынын жана Кыргызстандагы медициналык колледждердин ассоциациясынын колдоосу менен уюштурулган. Тренингдин жыйынтыгында муляждар жана катышуучуларга сертификаттар тапшырылууда.






# «Жатын моюнчасынын жана сүт безинин рак илдетин эрте аныктоо» окутуу семинары

КРнын Саламаттык сактоо инистрлигинин 16.02.2024 №183 Буйругуна ылайык 2024-жыл 6-мартта Бишкек шаарында, 13-мартта Ош шаарында «Жатын моюнчасынын жана сүт безинин рак илдетин эрте аныктоо» темасында окутуу семинары болду. Кыргыз Республикасындагы Сүт бези жана жатын моюнчасынын рагына каршы күрөшүү программасынын алкагында, «Чек арасыз дарыгерлер Швейцария» эл аралык медициналык гуманитардык уюмунун менен (MSF) Кыргыз Республикасынын медициналык колледждеринин типтүү окуу программасына рак илдетин эрте аныктоо үчүн сүт безинин (эмчек) жана жатын моюнчасынын базалык скрининги боюнча окутуу курсун киргизүү аркылуу Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо тармагынын медицина кызматкерлеринин потенциалын жогорулатуу максатында өткөрүлдү. Окутуу-семинарына медициналык колледждердин окутуучулары катышты.






## Казакстандагы DARYA SCAFFOLD тренинги

2024-жылдын 15-апрелден 19-апрелге чейин 250дөн ашуун педагогдор үчүн Казакстандын Астана шаарында Европа Биримдиги (ЕБ) тарабынан DARYA SCAFFOLD тренинги уюштурулган. Аталган тренинге Ассоциациянын төрагасы Ө.Т.Станбаев да катышты.

Борбор Азиядан келген мугалимдер бир жумалык тренингде ЕБ тарабынан иштелип чыккан SCAFFOLD жаңы инновациялык уникалдуу куралын үйрөнүштү. Бул демилге Европа Биримдиги тарабынан Казакстан Республикасынын Билим берүү министрлиги менен биргеликте уюштурулуп, мугалимдердин кесиптик деңгээлин жогорулатууга, ошондой эле ЕБ тарабынан каржыланган DARYA долбоорунун алкагында аймактык кызматташтыкты өнүктүрүүгө багытталган.





# Прикладдык бакалавриат программасы боюнча семинар

2024-жылдын 3-5-июнь күндөрү ССМ 30.Б5.2024-ж. №576 буйругунун негизинде Бишкек шаарында пилоттук колледждердин окутуучулары үчүн семинар уюштурулду. Казахстан Республикасынын Талдыкоргон жогорку медициналык окуу жайынан директору Джансенгиров Серик Максимович баштаган окутуучулары менен пилотттук колледждердин окутуучулары тажрыба алмашуу, билимин жогорулатуу максатында жана иш берүүчүлөрдүн сунуштарынын негизинде пилоттук программаларды талкулашты. Сунуш пикирлерди эске алуу менен программаларды өркүндөтүү, оңдоо жагы белгиленди.

Семинардын аягында сертификаттар тапшырылып, КР Саламаттык Министрлиги тарабынан Н.Э.Жусупбекова, КМКАнын төрагасы Ө.Т.Станбаев Казахстандын Талдыкурган жогорку медициналык окуу жайынын директоруна жана окутучуларына терең ырапзычылык билдирүү менен ыраазычылык баракчаларын беришти.









# "Кесиптик орто окуу жайларда дуалдык окутуу" курсу

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Республикалык илимий-методикалык борборунда Кыргызстандагы орто кесиптик окуу жайлар үчүн 2024-жыл 3-июндан 12-июнга чейин “Кесиптик орто курсу окуу жайларда дуалдык окутуу” темасындагы курс уюштурулду. Аталган курска окуу жайлардын директорлордун окуу иштери боюнча орун басарлары, бөлүм башчылар, ПЦК башчылары катышып, "Дуалдык окутуу" ийгиликтүү ишке ашып жаткан кесиптик орто окуу жайлар менен таанышты.

Курстун максаты "Дуалдык окутуу жана Иш ордунда окутуу" системасын орто кесиптик окуу жайларга жана кесиптик лицейлерге киргизүү, насаатчылыкты өркүндөтүү, студенттерге кесиптик көндүмдөрдү практикада иш ордунда калыптандыруу.







# Медициналык колледждерде конок лекциялар уюштурулду


2024-жыл февраль айында Академиялык мобилдүүлүктү ишке ашыруу максатында Кыргызстандагы медициналык колледждердин ассоциациясынын иш планына ылайык медициналык колледжерде онлайн конок лециялар өткөрүлдү.














# Медициналык колледждер аккредитациядан ийгиликтүү өттү

- 2024-жыл март айында "Билим-Стандарт" көз карандысыз аккредитациялык агенттиги тарабынан Жалал-Абад медициналык колледжи аккредитациядан ийгиликтүү өттү.
- 2024-жылдын апрель айында Майлуу-Суу медициналык колледжи "Билим-Стандарт" көз карандысыз аккредитация агенттиги тарабынан бардык адистиктер боюнча программалык жана институционалдык аккредитациядан 5 жылдык мөөнөткө өттү.
- 2024-жыл апрель айында Нарын медициналык колледжи "Эл баасы" көз карандысыз аккредитациялоо агенттиги тарабынан институционалдык жана программалык аккредитациядан ийгиликтүү өттү.





# Медициналык колледждер аккредитациядан ийгиликтүү өттү

- 2024-жылдын 25-26-апрель күнү «Эл Баасы» көз карандысыз аккредитациялык агенттиги тарабынан Кара-Балта медициналык колледжи институционалдык жана программалык аккредитациядан ийгиликтүү өттү.
- 2024-жылдын 7-8-май күндөрү ОшМУнун медициналык колледжи жана Өзгөн эл аралык медициналык колледжи "Билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоо" (ААОПО) көз карандысыз аккредитациялоо агенттиги тарабынан программалык аккредитациядан ийгиликтүү өттү:









# Акушер адистигинин кесиптик стандарты боюнча тегерек стол

2024-жылдын 17-апрелинде өлкөнүн медициналык колледждеринде акушер адистигинин кесиптик стандартын күнүмдүк практикага жана окуу пландарына киргизүү боюнча тегерек стол болуп өттү. Адистикке профессионалдык стандартты киргизүү акушердик иши адистигинин студенттери үчүн окуу программалары адистин кесиптик стандартына жооп бериши үчүн зарыл.

MER долбоору акушердик адистиктин профессионалдык стандартын иштеп чыгууну колдоо көрсөттү. Ошондой эле, долбоордун колдоосу менен башка адистиктер боюнча кесиптик стандарттар түзүлдү.






# Клиникалык насаатчылар үчүн тренингдер өттү

MER проектинин колдоосу менен эксперименталдык колледждердин клиникалык насаатчылары үчүн кезектеги тренингдер уюштурулууда. Токмок медициналык колледжинде 27-мартта, ОшМУнун Өзгөн эл аралык медициналык колледжинде 16-17-апрелде, ОшМУнун медициналык колледжинде 18-19-апрелде "Эксперименталдык медайым иши" адистиги боюнча тандалып алынган клиникалык насаатчыларга тренинг өткөрүлүп, сертификаттар тапшырылды. Бул багытты өнүктүрүү Кыргызстандагы болочок медайымдардын көндүмдөрүн жана билимдерин өнүктүрүүдө, аларды медицина тармагында эффективдүү практика менен камсыз кылууда маанилүү роль ойнойт.






# КМКАнын республикалык олимпиадасы

2024-жыл 20-май күнү Өзгөн эл аралык медициналык колледжинде  Ош мамлекеттик университетинин 85 жылдык маарекесине карата "Медициналык айым иши" жана “Фармация” адистиктери боюнча Кыргызстандагы медициналык колледждердин ассоциациясынын республикалык олимпиадасын өткөрдү. Жеңүүчүлөрдү сыйлоо аземи Бишкек жана Ош шаарларында өтүп, ОшМУнун белектери жана ассоциация тарабынан диплом, акчалай сыйлыктар тапшырылды. Сыйлыктарды ОшМУнун Орто кесиптик билим берүү департаментинин директору, медицина илимдеринин кандидаты, доцент Мамажакып уулу Чыңгыз жана ассоциациянын төрагасы Ө.Т.Станбаев тапшырды.






# КМКАнын республикалык олимпиаданын жыйынтыгы

**1. “Медициналык айым иши” адистиги боюнча:**

Биринчи орун Майлуу-Суу медициналык колледжинин студенти ***Пратбаева Айжан Нурмухамедовна*** 1-даражадагы диплом жана 5000(беш миң)сом.

Экинчи орун Кара-Балта медициналык колледжинин студенти ***Кожомамбетова Белек Сүйүндүковна*** 2-даражадагы диплом жана 3000(үч миң)сом.

Үчүнчү орун Араван “Дулдул-Тоо” медициналык колледжинин студенти ***Холикова Одинахон Моминжановна*** 3-даражадагы диплом жана 2000(эки миң)сом.

Үчүнчү ОшМУнун медициналык колледжинин студенти ***Толубай кызы Айгерим*** 3-даражадагы диплом жана 2000(эки миң)сом.

**2. “Фармация” адистиги боюнча:**

Биринчи орун ОшМУнун медициналык колледжинин студенти ***Абдукаримова Мавлюда Муйдиновна*** 1-даражадагы диплом жана 5000(беш миң)сом.

Экинчи орун Жалал-Абад медициналык колледжинин студенти ***Эрмек кызы Жумагүл*** 2-даражадагы диплом жана 3000(үч миң)сом.

Экинчи орун КӨЭАУнун медициналык колледжинин студенти ***Исмаилова Аймончок Улановна*** 2-даражадагы диплом жана 3000(үч миң)сом.

Үчүнчү орун Талас медициналык колледжинин студенти ***Шаршенова Адинай Анарбековна*** 3-даражадагы диплом жана 2000(эки миң)сом

# КМКАнын Кубогу

2024-жыл 11-май күнү ОшМУнун медициналык колледжи Ош мамлекеттик университетинин 85 жылдык маарекесине карата Кыргызстандагы медициналык колледждердин ассоциациясынын волейбол боюнча кубогун өткөрдү. Спорттук иш чараны ОшМУнун ректору К.Г.Кожобеков жана ассоциациянын төрагасы Ө.Т.Станбаев ачып беришти. Мелдешке Кыргызстандагы медициналык колледждердин окутуучуларынан түзүлгөн командалар катышып, Кубок жогорку деңгээлде өттү. Мелдештин жыйынтыгында байгелүү орунду ээлегендерге акчалай сыйлык жана грамоталар тапшырылды.














# КМКАнын кайрылуулары

- "Аккредитациялоо, рейтинг жана сертификациялоо көз карандысыз институту" коомдук фондуна КМКАнын рейтинг боюнча БИЛДИРҮҮСҮ 05.12.2024

**Саламатык сактоо министрлигине караштуу медициналык колледждердин кызматкерлеринин айлык акысы боюнча бир нече жолу кайрылуу жазылган.**

- КРнын Билим берүү жана илим министрлигине кайрылуу 07.06.2024
- КРнын Саламаттык сактоо министрлигине кайрылуу 07.06.2024 / КРнын Саламаттык сактоо минстрлигинин жообу 08.07.2024

- Билим берүү жана илим министрлигине кат №2 02.05.2023
- Билим берүү жана илим министрлигине кат №4 26.06.2023

## КМКАнын жалпы жыйынында кабыл алынган РЕЗОЛЮЦИЯ

1. Кыргызстандын орто билим берүү программасы 12 жылдык билим берүү системасына өтүп жатканына байланыштуу негизги орто билими менен кабыл алууну кайрадан калыбына келтирүү зарыл экендигин белгилейбиз.
2. Адистиктердин окуу мөөнөтүн жана тизмегин кайрадан оңдоп чыгуу азыркы мезгилдин талабы.
3. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарбынан бектилген пилоттук эксперименталдык окуу программасы, Саламатык сактоо министрлигин ***№484 19.04.2022*** *Орто кесиптик билим берүүдөгү "Медициналык айым иши" адистиги боюнча эксперименталдык программаны киргизүү жөнүндө* буйругу менен ишке ашырылып жаткан программанын негизинде даярдалган Мамлекттик билим берүү стандартына ылайык медициналык колледждердин программаларын өзгөчөлүгүн эске алуу менен болжолдуу окуу планын төмөндөгүдөй бекитип берүүңүздөрдү суранабыз. *Тиркеме – 3.*

# КМКАнын жалпы жыйынында кабыл алынган РЕЗОЛЮЦИЯ

4. Жаны адистиктердин ачуу зарылчылыгы коомдун жана иш берүүчүлөрдүн сунушуна ылайык “Кенже медайым”/младщая медсестра/ 6 айлык курсун ачуу менен кары картан, катуу оругандарды кароо курстарын жоюу менен “Эрготерапия”, “Саламат сактоодогу менеджер” (Менеджер в здравоохранении) адистиктерин социалдык бөлүктөн Саламаттык сактоо бөлүгүнө которуу керектигин сунуштайбыз. Белгилей кетучу нерсе Саламаттык сактоо жана Билим берүү жана илим министрликтерине биз бир нече жолу укуктук ченемдик актыларга өзгөртүү киргизүү жөнүндө кайрылып келебиз, бирок өкунүчтүүү эч кандай натыйжа чыкпай, биздин сунуштар каралбастан келгендигин билдиребиз жана укуктук ченемдик актыларды иштеп чыгууда медициналык колледждердин Ассоциациясынан өкүл кошуу зарыл экендигин сиздерден суранабыз.
5. Саламатык сактоо министрлигине караштуу медициналык колледждердин кызматкерлеринин айлык акысы боюнча бир нече жолу кайрылуу жазылып, жыйынтык чыкпай келгенин белгилейбиз.